**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Байышбек Абдырахманович Нааматовдун, анын ишеним каты боюнча өкүлү Мукар Шалтакович Чолпонбаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 4-июлундагы № 30 аныктамасына даттануусун карoo жөнүндө

# ТОКТОМУ

27 сентября 2019 года город Бишкек

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - К.А. Дуйшеев, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Б.А.Нааматовдун, анын ишеним каты боюнча өкүлү М.Ш.Чолпонбаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун

Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 4-июлундагы № 30 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана Б.А.Нааматовдун, анын ишеним каты боюнча өкүлү М.Ш.Чолпонбаевдин өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2019-жылдын 12-июнунда «Улан» айыл чарба кооперативинин (мындан ары - кооператив) төрагасы Б.А.Нааматовдун, анын ишеним каты боюнча өкүлү М.Ш.Чолпонбаевдин 2009-жылдын 24-июлундагы «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 40-беренесине ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, 1996-жылдын редакциясындагы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 221-беренесинин 4 жана 5-пункттары менен, эгерде мындай укук бузуулар менчигинен ажыратууга байланышпаган болсо да, менчик ээсинин же башка ээлик кылуучунун анын укугунун ар кандай бузулушун четтетүү жөнүндөгү талабына; мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдарынын көрсөтүлгөн жактарга тиешелүү мүлккө ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө боюнча алардын укуктарын бузган актыларын жараксыз деп табуу жөнүндө менчик ээлеринин

же башка жактардын талаптарына доонун эскириши колдонулбайт деп камтылган.

Бул ченемдердин негизинде, доонун мөөнөттөрү эскиришине карабастан, менчик ээлер өзүнүн мүлкүн башка бирөө ээлик кылуудан же аларды менчик укугунан ажыраткан мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдарынын актыларын жараксыз деп сот тартибинде талап кылуу укугуна ээ болушчу.

Бирок, 2009-жылдын 24-июлундагы «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 221-беренесинин 4 жана 5-пунктары алынып салынып, ошого жараша доонун мөөнөттөрү эскиришине байланыштуу, менчик ээлер өзүнүн мүлкүн башка бирөө (бөтөн) ээлик кылуудан талап кылуу укугунан же адамдарды менчик укугунан ажыраткан мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдарынын актыларын жараксыз деп талап кылуудан ажыратылган.

Арызданууучулар билдиргендей, Чуй облустунун райондор аралык соту 2013-жылдын 29-апрелиндеги аныктамасы менен кооперативге өткөрүп жиберген мөөнөттү кайрадан калыбына келтирүүгө каралган доо арызды киргизүүдөн баш тартып, иш боюнча өндүрүштү токтоткон. Бул райондор аралык соттун аныктамасы 2013-жылдын 18-сентябрында Чүй облустук соту менен жана 2014-жылдын 10-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен күчүндө калтырылган.

Бирок, кайрылуучу субъект белгилегендей, кооперативдин арызы боюнча мурда кооперативге таандык болгон, башка адамдарга катталган жер участогун бекитүү жөнүндө укук тастыктоочу документтерин жасалмалоо факты боюнча 2015-жылы кылмыш иши козголуп, бул адамдар 2018-жылдын 20-декабрындагы Сокулук райондук сотунун өкүмү менен соттолушкан. Бул

өкүм 2019-жылдын 1-январындагы Чүй облустук соту менен өзгөртүүсүз калтырылган.

Жасалма документтердин негизинде өзүм билемдик менен кооперативдин жерлерин ээлеп алган адамдарга карата айыптоочу өкүм күчүнө киргендиктен, кооператив ишти кайтадан ачылган жагдайлар боюнча кайрадан кароо үчүн Чүй облустунун райондор аралык сотуна кайрылган, бирок сотко кайрылууга болгон мөөнөтү эскиргендигине байланыштуу кайрадан кароодон баш тартылган. Ушуга байланыштуу, арызданууччулар апелляциялык даттанууну Кыргыз Республикасынын Чүй облустук сотуна беришкен.

Арызданууччулар талашылып жаткан ченем менен Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 4 жана 5-пункттарын алып салуу мыйзамсыз ажыратылган менчик, мыйзамсыз ээлик кылуудан ушундай мүлктү менчиктике талап кылган же менчик ээлерди мүлкүнөн ажыраткан мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдарынын актыларын сот тартибинде жараксыз деп талап кылган учурларда менчик укугунун соттук коргоо мүмкүндүгү жокко чыгарылып, ушуну менен, менчик кол тийгис жана мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет деген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына карама-каршы келет деп эсептешет.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууччулар «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 40-беренесине карама-каршы келет деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 4-июлундагы № 30 аныктамасы менен өтүнүч өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясы арыздануучулар койгон маселе менчик укугун коргоого байланышкан талаштар менен доонун эскирген мөөнөтүн калыбына келтирүү жолу аркылуу соттук коргоо укугу калыбына келтирилет деген зарылчылыкка жалпысынан келүүдө деп белгилеген.

Ушуга байланыштуу, талашылып жаткан Мыйзам менен Граждандык кодекске жеке жана юридикалык жактардын менчик укугун коргоо менен байланышкан укуктук түзүлүштү өзгөртүүгө багытталган комплекстүү түзөтүүлөр киргизилип, анда Граждандык кодексинин 221-беренеси гана эмес, 215-беренеси да олуттуу түрүндө өзгөрүлгөндүгүнө арыздануучулар басым кылган.

Судьялар коллегиясынын аныктамасында Граждандык кодекстин 215-беренеси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароонун предмети болуп, анын натыйжасында 2016-жылдын 17-февралында Чечим чыгарылган. Бул чечимде доонун эскирилишинин өткөрүлгөн мөөнөтүн калыбына келтирүү үчүн сотко кайрылуу мүнкүндүгүнүн жоктугу соттук коргоо укугун юридикалык жактарга жана ишкерлерге, ошондой эле, юридикалык жакты түзүүчүнүн (катышуучунун, акционердин) же мүлктүн менчик ээсинин бузулган укуктары боюнча сотко доо койгон башка адамдарга карата, ушуну менен бирдей, ишкердик иштин объектилерине каралган буюмдук, милдеттенме же башка мүлккө байланышкан бузулган укуктарды чектөө болот деп көрсөтүлгөн.

Мында аталган чечимде Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун биринчи абзацында каралган субъектилерге, аларды (субъектилерди) бул бөлүгүндө жарандык укук мамилелердин башка катышуучулары менен теңдөө максатында, белгиленген жагдайлар бар болсо доонун эскирилишинин өткөрүлгөн мөөнөтүн калыбына

келтирүү үчүн укуктук мүмкүндүктү берүүчү ылайыктуу өзгөртүүлөрдү ченем чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктуна киргизсин деп тапшырылган.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы өзүнүн аныктамасында «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүн 5-пунктуна ылайык эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуугу Конституциялык палата тарабынан текшерилсе жана анын өз күчүн сактаган актысы бар болсо судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп көрсөткөн.

Судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 4-июлундагы аныктамасы менен макул болбой, Б.А. Нааматов жана анын өкүлү М.Ш. Чолпонбаев 2019-жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылышкан.

Өзүнүн даттануусунда арызддануучулар судьялар коллегиясынын аталган аныктамасы негизсиз чыгарылган жана жокко чыгарылууга тийиш деп көрсөтүшөт.

Кайрылуу субъектилердин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын белгиленген чечиминде кароонун предмети болуп, доонун эскирилишинин колдонуу маселесин жөнгө салуучу Граждандык кодексинин 215-беренеси болгондугун судьялар коллегиясы эске алган эмес. Ал эми алардын өтүнүчүндө, доонун эскирилиши жайылбаган талаптарды жөнгө салуучу Граждандык кодекстин 221-беренесине таандык болгон маселелерди кароо сунушталган.

Демек, Б.А. Нааматов, анын ишеним каты боюнча өкүлү М.Ш.Чолпонбаев, алар өзүнүн өтүнүчүндө жарандардын жана юридикалык жактардын, алар каалаган учурда доонун эскирилишине карабастан кайсы убакта болбосун алардын бузулган укуктарын жоюу жөнүндө, адамдарга

тиешелүү мүлккө ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө боюнча алардын укуктарын бузган мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдарынын актыларын жараксыз деп табуу жөнүндө укуктарын жарандык мыйзамдардан алып салуунун конституциялуулугун кароону суранышкан. Ушуга байланыштуу, арызданууччулар Граждандык кодексинин 221-беренесинин маселелери Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароонун предмети болгон эмес деп эсептешет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Б.А.Нааматов, анын өкүлү М.Ш.Чолпонбаев 2019-жылдын 4-июлундагы № 30 аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Көрсөтүлгөн даттанууда Б.А.Нааматовдун жана анын өкүлү М.Ш.Чолпонбаевдин 2009-жылдын 24-июлундагы «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 40-беренесине ылайык эместиги жөнүндөгү жүйөлөрү, алардын пикири боюнча, алар койгон маселенин маңызын судьялар коллегиясы туура эмес түшүнүүнүн кесепетинен гана келип чыгат дегенге келүүдө.

Кайрылуучу субъекттер Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароонун предмети болгон Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 215-беренеси алар талашка койгон Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 221-беренеси

менен тутумдук байланышта турбайт, себеби бул берене башка маселелерди жөнгө салат деп эсептешет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучулардын даттануусунда баяндалган жүйөлөрүн изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылдын 17-февралындагы чечими менен алардын кайрылуусунда коюлган суроолор толук түрүндө камтылган эмес деп, ушул өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуу зарыл деген тыянакка келүүдө.

Өтүнүч «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын бардык талаптарына жооп берет жана коюлган маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу каралып, ишти конституциялык өндүрүштө кароого негиз болуп эсептелет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Байышбек Абдырахманович Нааматовдун, анын ишеним каты боюнча өкүлү Мукар Шалтакович Чолпонбаевдин даттануусу канааттандырылсын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 4-июлундагы № 30 аныктамасы жокко чыгарылсын.

2. «Улан» айыл чарба кооперативинин төрагасы Байышбек Абдырахманович Нааматовдун, анын өкүлү Мукар Шалтакович Чолпонбаевдин 2009-жылдын 24-июлундагы «Кыргыз Республикасынын

Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 40-беренесине ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**